КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КЫЗМАТЫ

СЛУЖБА ЮРИДИЧЕСКОЙ ПОМОЩИ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

2023-ж. «19» апрель № 18
«19» апрель 2023 г. № 18

**Б У Й Р У К**
**П Р И К А З**

**Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын адвокаттарынын адистештирилген реестрлерин түзүү жөнүндө**

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (МКЮЖ) системасынын адвокаттарын адистештирүү менен квалификациялуу юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу максатында, ошондой эле «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-ноябрындагы № 557 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматы жөнүндө жобонун 21-пунктунун 16-пунктчасын жетекчиликке алып, буйрук кылам:

1. Түзүлсүн:

- Үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын адистештирилген реестри;
- Балдардын иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын адистештирилген реестри;
- Баңги каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду мыйзамсыз жүгүртүүгө байланышкан иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын адистештирилген реестри;
- Адамдарды сатуу иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын адистештирилген реестри.

2. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын Юридикалык жардам жана укуктук агартуу башкармалыгы:

- ушул буйруктун 1-пунктунда каралган МКЮЖ системасынын адвокаттарынын адистештирилген реестрин жүргүзүүнү камсыз кылсын;
- зарылчылыкка жараша МКЮЖ системасынын адвокаттарын адистештирүү боюнча окуу иш-чараларын өткөрсүн;
- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын аймактык бөлүнүштөрүнүн кызматчыларын ушул буйрук менен тааныштырсын.